«Бекитемин»
Ж.Садыков атындагы
№84 орто мектебинин
директору_________
Иманалиева Д.К.

# Предметтик стандарттын негизинде окуучулардын билимин баалоонун критерийлери

# Биология сабагынан баалоонун критерийлери

## ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛООНУН СТРАТЕГИЯЛАРЫ

***Билимге баа берүү*** – системалуу жараян, ал алдын ала пландаштырылганга бар болгон билим, билгичтик, көндүмдүн ылайык келүү даражасын аныктоодон турат. Баа берүүнүн биринчи керектүү шарты: билим берүү максаттарын пландаштыруу; ансыз жетишилген натыйжаларды талдоо мүмкүн эмес. Экинчи керектүү шарт – билимдин чыныгы деңгээлин аныктоо жана аны берилген менен салыштыруу.

Баа берүү жараяны төмөнкү компоненттерден турат: окутуунун максатын аныктоо; ушул максатка жетүүсүн текшерген тапшырмаларды тандоо; баа же текшерүүнүн жыйынтыктарын билдирген башка ыкма. Баа берүүнүн бардык компоненттери өз ара байланышта жана ар бири бардык кийинкиге таасир этет.

Коюлган максатка жараша көзөмөлдөө программасы түрдүү түзүлөт, ар түрдүү типтеги суроолор жана тапшырмалар тандалат. Бирок, билимдерге баа берүүнүн болжолдуу ченемдерин колдонуу окуучунун билимине жана билгичтигине баа берүүгө окшоштукту киргизип, аны көбүрөөк объективдүү кылууга аракеттенет. Болжолдуу ченемдер негиз боло алат, аны пайдалануу менен мугалим окуучунун билимдерин жана билгичтиктерин баалайт.

## ОКУУЧУЛАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮНҮН ТҮРЛӨРҮ БОЮНЧА БААЛООНУН ЧЕН-ӨЛЧӨМДӨРҮ

### 1.Оозеки жоопту баалоонун чен-өлчөмдөрү

***«5» деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. терең жана толук билимин, программалык материалдын бардык көлөмүн түшүнгөнүн; каралып жаткан түшүнүктөрдүн, кубулуштардын жана закон ченемдүүлүктөрдүн, теориялардын, өз ара байланыштардын маңызын толук түшүнгөнүн көрсөтсө;

2. окулган материалдын негизинде толук жана туура жооп түзө алса; негизги жоболорду бөлүп көрсөтө алса, жооп берүүдө өз алдынча мисалдар, фактылар менен тастыктаса; өз алдынча жана далилдүү талдоо, жалпылоо, жыйынтык жүргүзө алса;

3.предмет аралык (мурда алган билимдердин негизинде) жана предмет ичиндеги байланышты коё алса, тааныш эмес кырдаалда алган билимдерди чыгармачылык менен колдоно алса.

4. окуу материалды так, байланыштуу, негиздүү жана катасыз айта алса; кабыл алынган терминологияларды пайдалануу менен жоопту логикалык ырааттуулукта бере алса; жекече жыйынтык чыгара алса;

5. негизги закон, түшүнүк, теориялардын түшүндүрмөсүн жана так аныктамасын айта алса; жооп берүүдө китептеги сүйлөмдү сөзмө-сөз кайталабаса; материалды илимий адабий тил менен айтып берсе;

6.мугалимдин кошумча суроолоруна туура жана так жооп берсе;

7. көрсөтмө куралдарды, сурап-билүүчү материалдарды, окуу китебин, кошумча адабияттарды, биринчи булактарды өз алдынча үнөмдүү колдоно билсе; жазып жооп берүүдө жоопту коштогон шарттуу белгилерди колдонсо; байкоолордон жана тажрыйбалардан жыйынтыкты далилдөө үчүн пайдаланса;

*«4» деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. программалык материалдын баары боюнча билимин көрсөтсө; окуп-үйрөнгөн теориялардын негизинде толук жана так жооп берсе; өтүлгөн материалды кайра айтып берүүдө билинбеген ката кетирсе; байкоолорду жана тажрыйбаларды жыйынтыктоодо жана жалпылоодо же илимий терминдерди пайдаланууда түшүнүктөрдүн аныктамасын толук эмес берсе; материалды белгилүү логикалык ырааттуулукта бере алат, ушул жерден бир одоно эмес ката, экиден аз байкабастыктарды кетирип, бирок аларды мугалимдин чоң эмес жардамы менен же талабы боюнча өз алдынча кайра оңдой алса; негизинен окуу материалын өздөштүрсө; жоопторду конкреттүү мисалдар менен тастыктаса; мугалимдин кошумча суроолоруна туура жооп берсе.

2. өтүлгөн материалдан негизги жоболорду өз алдынча бөлүп көрсөтө алса; фактылардын жана мисалдардын негизинде жалпылап, жыйынтык жасап, предмет ичиндеги байланышты көрсөтө алса; Алынган билимди практикада өзгөрүлгөн абалда колдоно алса; жазууга коштогон оозеки кеп маданиятынын негизги эрежелерин сактай алса жана илимий терминдерди пайдалана алса;

3. окуу китеби, сурап-билүүчү адабият, биринчи булак (туура багыт алат, бирок жай иштейт) менен жеткиликсиз иштөө көндүмүнө ээ болсо; жазуу иштерин жасалгалоодо одоно эмес kаталарды кетирсе.

*«3» деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. окулган материалдын негизги мазмунун өздөштүрсө; программалык материалды кийинки өздөштүрүүгө тоскоол болбогон материалдарды өздөштүрүүдө мүчүлүштүктөрү бар болсо;

2. материалды баш аламан, кээ бир бөлүктөрүн гана, ирети жок айтып берсе;

3. кээ бир билимдеринин жана билгичтиктеринин жеткиликсиз калыптангандыгын көрсөтсө; жыйынтыктарды жана жалпылоолорду начар далилдесе, аларда каталарды кетирсе;

4. илимий терминдерди пайдаланууда так эмес айтса жана ката кетирсе, түшүнүктөргө так эмес аныктама берсе;

5. байкоолордон, тажрыйбалардан далил катары жыйынтыктарды жана жалпылоолорду пайдаланбаса же колдонууда каталарды кетирсе;

6. түрдүү маселелерди чыгаруу үчүн керек болгон билимдерди колдонууда, теория жана закондордун негизинде конкреттүү кубулуштарды түшүндүрүүдө же теорияларды практикалык колдонууда конкреттүү мисалдарды тастыктоодо кыйналса;

7. мугалимдин суроолоруна толук эмес (негизгисин калтыруу менен) жооп берсе, же китептеги текстти кайталап айтып берсе, бирок ушул текстте маанилүү болгон кээ бир жоболорун жеткиликсиз түшүнбөсө;

8. китептен (жазуулардан, биринчи булактардан) текстти кайра айтып берүүдө кээ бир жоболордун маанисин жеткиликтүү эмес түшүнсө же мугалимдин суроолоруна бир-эки одоно ката кетирип, толук эмес жооп берсе.

*«2» деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. материлдын негизги мазмунун ачпаса жана өздөштүрбөсө;

2. жыйынтыктарды жана жалпылоолорду жасай албаса;

3. берилген суроолордун чегинде программалык материалдын орчундуу же негизги бөлүгүн билбесе жана түшүнбөсө;

4. начар калыптанган жана толук эмес билимдери болсо жана коюлган конкреттүү суроолорго жана үлгү боюнча маселелерди чыгарууда аларды колдоно албаса;

5. (бир суроого) жооп берүүдө экиден ашык одоно ката кетирсе, аны мугалимдин жардамы менен дагы оңдой албаса.

*«1» деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. коюлган бир дагы суроого жооп бере албаса;

2. материалды толугу менен өздөштүрбөсө.

**2.Практикалык (лабораториялык) иштерди аткарууну баалоонун чен-өлчөмдөрү**

*«5» деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. тажрыйбанын максатын туура аныктаса;

2. жумушту толук көлөмдө тажрыйбаларды жана өлчөөлөрдү керектүү ирееттүүлүктү сактоо менен аткарса;

3. тажрыйба жүргүзүү үчүн керектүү куралдарды өз алдынча жана рационалдуу тандаса жана даярдаса, бардык тажрыйбаларды алынган жыйынтыктар жана корутундулар так болуусун камтыган шарттарда жана режимдерде өткөрсө;

4. байкоо жүргүзүүнү илимий сабаттуу, логикалуу баяндаса жана жүргүзүлгөн тажрыйбадан корутундуларды жаза алса; Сунушталган отчетто бардык жазууларды, таблица, сүрөт, графиктерди, саноолорду туура жана так аткарса жана жыйынтык жасаса;

5. уюштуруучулук, эмгек билгичтигин көрсөтсө (иш орунда тазалыкты жана ирееттүүлүктү сактаса, иштетилген материалдарды үнөмдүү пайдаланса).

6. экспериментти жабдуулар жана материалдар менен иштөө эрежелерин жана коопсуздук эрежелерин эске алуу менен план боюнча ишке ашырса.

*«4» деген баа коюлат, эгерде окуучу:* *«5»* **деген баанын талаптарын аткарса**, бирок:

1. тажрыйбаны өлчөөлөр жеткиликтүү тактыкты камсыз кылбаган шарттарда аткарса;

2. эки-үч таксыздык кетирилсе;

3. бирден көп эмес ката жана бир жетишпегендик болсо,

4. эксперимент толук эмес жасалса;

5. байкоо жүргүзүүнү баяндоодо так эместик болсо, жыйынтыкты толук эмес жазса.

*«3» деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. тажрыйбанын максатын туура аныктаса; жумуштун жарымы туура аткарылса, бирок аткарылган бөлүмдөрдүн көлөмү туура жыйынтык алууга жана иштин маанилүү, негизги милдеттери боюнча жыйынтыктарды алууга мүмкүнчүлүк берсе;

2. материалдарды, жабдууларды, объекти тандоону, ошондой эле тажрыйбанын башталышы боюнча иштерди мугалимдин жардамы менен баштаса; же

байкоо жүргүзүүнү баяндоодо, жыйынтыктарды жазууда, тажрыйбанын жана өлчөөлөрдүн жүрүшүндө ката кетирсе;

3. ушул иш үчүн принципиалдуу мүнөзгө эмес, бирок аткаруу жыйынтыгына таасир эткен тажрыйба рационалдуу эмес шарттарда жүргүзүлсө, жыйынтык алууда чоң айырмага алып келсе же отчетто жалпысынан экиден көп ката кетирсе (бирдиктерди, өлчөөлөрдү, эсептерди, график, таблица, схема ж.б. жазууда);

4. эксперименттин жүрүшүндө одоно ката кетирилсе (айтып берүүдө, жумушту жазууда, материалдар жана жабдуулар менен иштөөдө коопсуздук эрежелерин сактоодо), ал мугалимдин талабы боюнча оңдолсо.

***«2» деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. өз алдынча тажрыйбанын максатын аныктай албаса; жумуш толук аткарбаса; жумушка керектүү жабдуулар жана каражаттар даярдалбаса жана аткарылган жумуштун көлөмүнүн бөлүгү менен жыйынтык жасоо мүмкүнчүлүк берилбесе;

2. тажрыйбалар, өлчөөлөр, эсептөөлөр, байкоолор туура эмес жүргүзүлсө;

3. иштин жүрүшүндө жана отчеттун жыйындысында ***«3»*** деген баанын талаптарында белгиленген бардык жетишпестиктер көрүнсө;

4. эксперименттин жүрүшүндө, жумушту жасалгалоодо, заттар жана жабдуулар менен иштөөдө коопсуздук эрежелерин сактоодо, мугалимдин талабы менен дагы оңдой албаган эки (же андан көп) одоно ката кетирсе.

***«1» деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. өз алдынча тажрыйбанын максатын аныктай албаса;

2. тажрыйбалар, өлчөө, эсептөө, байкоо жүргүзүү иштерин таптакыр өткөрө албаса;

3. эксперименттик билгичтиктеринин жоктугун көрсөтсө; эмгектин коопсуздук эрежелерин сактабаса же одоно бузса.

## 3. Өз алдынча жазма жана текшерүү иштерди баалоонун ченөлчөмдөрү

***«5» деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. жумушту катасыз, так аткарса;

2. бирден көп эмес ката кетирсе.

***«4» деген баа коюлат, жумушту толук аткарып, бирок:***

1. бир гана одоно эмес ката кетирсе жана бир гана так эместик болсо;

2. экиден көп эмес так эместик болсо.

***«3» деген баа коюлат, эгерде окуучу жумуштун 2/3 бөлүгүн аткарып же:***

1. экиден көп эмес одоно каталар болсо;

2. бир одоно жана бир одоно эмес ката кетирсе жана бир так эместик болсо;

3. эки-үч одоно эмес ката болсо;

4. бир одоно эмес ката жана үч так эместик болсо;

5. ката жок, бирок төрт-беш так эместик болсо.

*«2» деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. белгиленген чектен жогору каталыктар жана так эместиктерди кетирсе, мүмкүн "3" коюлат;

2. эгер жумуштун жарымынан азыраагы аткарылса.

*«1» деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

*:*

1. бир да туура жооп жок (10 % аз);
2. жооптордо одно каталар кездешсе.

## .4.Биология боюнча тесттик тапшырмаларды баалоонун пайыздары

«5»: 80-100 % жалпы упайдын туура жоопторуна берилет

«4»: 70-79 %

«3»: 50-69 %

*«2»*: 20-49 %

*«1»*: 20 % аз болсо.

## 5.Объектке байкоо жүргүзүүнү баалоонун чен-өлчөмдөрү

*«5» деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. мугалимдин тапшырмасы боюнча туура байкоо жүргүзсө;

2. байкоо жүргүзүлгөн объектинин, жараяндын негизги белгилерин бөлүп көрсөтө алса;

3. өзүнүн байкоолорун жыйынтыгын сабаттуу, логикалык жасалгаласа, жалпыласа, жыйынтык чыгарса.

*«4» деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. мугалимдин тапшырмасы боюнча туура байкоо жүргүзсө;

2. байкоо жүргүзүүдө так эместик кетирсе: байкоо жүргүзүүчү объектинин, жараяндын маанилүү белгилерин бөлүп көрсөтүүдө, экинчилик катарды атоодо;

3. байкоонун натыйжаларын так эмес же көңүлсүз жасалгаласа.

*«3» деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

1. мугалимдин тапшырмасы боюнча байкоо жүргүзүүдө бир-эки одоно ката же так эместик кетирсе;

2. байкоо жүргүзүүчү объектинин, жараяндын маанилүү белгилерин бөлүп көрсөтүүдө, кээ бирин гана атаса;

3. байкоо жүргүзүүнүн жана жыйынтыктардын натыйжаларын жасалгалоодо эки-үч одоно ката кетирсе.

***«2» деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. мугалимдин тапшырмасы боюнча байкоо жүргүзүүнү өткөрүүдө үч-төрт одоно ката кетирсе;

2. байкоо жүргүзүүчү объектинин белгилерин туура эмес бөлүп көрсөтсө;

3. байкоо жүргүзүүнүн жана жыйынтыктардын натыйжаларын жасалгалоодо үч-төрт одоно ката кетирсе.

***«1» деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

1. жооп жок болсо.

# Химия сабагынан баалоонун критерийлери

**3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары.**

Предмет боюнча билим берүүнүн жыйынтыгы предметтин жалпы чече турган маселелерине жана окуу материалын өздөштүрүгө коюлган талаптарга туура келиши керек. Баалоонун максаты-пландаштырылган күтүлүүчү натыйжалар менен окуучунун чындыктагы жыйынтыгынын дал келишин аныктоо.

**Баалоонун негизги принциптери**

Баалоонун системасын иштеп чыгууда төмөнкү негизги принциптерди жетекчиликке алуу зарыл.

Обьективтүүлүк принциби боюнча бардык окуучулар бирдей шартта бааланышы зарыл. Обьективтүүлүк окуучуга да мугалимге да белгилүү болгон баалоонун критерийлеринин негизинде ишке ашырылат.

Ишенимдүүлүк педагогикалык ченеп өлчөөнүн так даражасы. Баалоо методу кайра-кайра текшерүүдөн мурунку эле натыйжаны берген учурда ишенимдүү боло алат.

Валиддүүлүк кандайдыр бир нерсени ченеп өлчөөгө боло тургандыгын талап кылат.

Баалоонун түрлөрү жана формалары- окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерин өлчөөдө баалоонун төмөнкү үч түрү колдонулат.

1. Диагностикалык (алдын алуу)
2. Формативдик (калыптандыруучу)
3. Суммативдик ( жыйынтыктоочу).

**Диагностикалык баалоо -** окуучунун прогрессине баа берүү үчүн колдонулат. Окуу жылынын ичинде мугалим окуучулардын компетенттүүлүгүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээлин жетишилген натыйжалар менен салыштырууну жүргүзөт. Диагностикалык баалоонун натыйжалары сыпаттама түрүндө катталат, алар жалпыланат жана мугалим үчүн окутуу милдеттерин жана окуучулар үчүн окуу милдеттерин коюу жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү жана өркүндөтүү үчүн негиз болуп, кызмат кылат.

**Формативдик баалоо** - материалды өздөштүрүшүнүн жекече өзгөчөлүктөрүн (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алуу менен окуучунун прогрессин аныктоо, ошондой эле ийгиликтерге жетишүү үчүн рекомендацияларды иштеп чыгуу максатында колдонулат. Мугалим формативтик баа берүүнү окутууну өз убагында коррекциялоо, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү, окуучулар аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат.

Окуучунун прогресси окуучу аткарган конкреттүү иштин негизинде билим берүү чөйрөсүнүн алкагында окутуу максаттарында түптөлгөн белгилүү натыйжаларга жетишүү катары аныкталат. Журналга белги коюу менен мугалим окуучунун жекече прогрессине көз салууну белгилейт.

**Жыйынтыктоочу баалоо -** окутуунун ар бир баскычы үчүн пландаштырылган натыйжаларга окуучунун жетишүү даражасын аныктоо үчүн жардам берет жана учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу баа берүүдөн келип чыгат.

Окуучунун билиминин, жөндөмдүлүктөрүнүн бааланышы объективдү болсун үчүн химия эксперименталдык илим экендигин эске алуу менен түрдүү ыкмалар (оозеки, жазуу жүзүндө, тесттик суроолорду колдонуу, химиялык эксперименттерди аткаруусу) сунуш этилет. Окуучулардын жетишкендиктерин (предметтик жана түйүндүү компетенттүүлүгүнүн калыптанышын) баалоонун жаңы формаларын (диагностикалык, формативдик, суммативдик) колдонуу менен деңгээлдер аркылуу баалоого болот.

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо окуу жылынын башынан аягына чейин ишке ашырылат. Формативдик баалоонун натыйжалары мектепте күндөлүк жана чейректерде коюлуучу текшерүү иштерин камтуу менен химиялык билим берүү процессин корректировкалоого жана өнүктүрүүгө негиз болот. Диагностикалык баалоонун натыйжалары аркылуу окуучулардын предметтик компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берүү менен мугалимдин алдына предметти окутуунун жаңы милдеттерин коюуга мүмкүнчүлүк берет.

Суммативдик баалоонун натыйжалары предмет боюнча күндөлүк, аралык жана жыйынтыктоочу баалоодон топтолот да жеке жетишкендик катары белгиленет.

**Окуучулардын предметтик жана түйүндүү компетенттүүлүгүн деңгээлдер боюнча баалоо ( маалыматтык компетенттүүлүктүн мисалында).**

9-таблица

| Мазмундук тилкелер | Предметтик компетенттүүлүктөр | Деңгээл | Класстар боюнча билимдин натыйжалары | |
|---|---|---|---|---|
| | | | 8-класс | 9-класс |
| 1. Химияны таанып билүү методу. | 1.Таанып билүү жана илимий суроолорду коё билүү | I | 8.1.1.1. Жаратылышта жүрүп жаткан кубулуштарды атом-молекулалык окуунун негизги жоболору боюнча алган маалымат аркылуу түшүндүрө алат. | 9.1.1.1. Жаратылышта жүрүп жаткан кубулуштарды электролиттик диссоциация теориясынын негизги жоболору аркылуу түшүндүрө алат. |
| | | II | 8.1.1.2. Мезгилдик системаны пайдалануу менен химиялык элементтер боюнча жалпы мүнөздөмө бере алат. | 9.1.1.2. Химиялык элементтер жана металлдар мезгилдик системанын негизги группада жана кошумча подгруппада жайланышы боюнча аларга жалпы мүнөздөмө бере алат. |
| | | III | 8.1.1.3. Маалымат булактарын пайдалануу менен химиялык практикалык ишти аткарат жана маселерди чыгара алат. | 9.1.1.3.Кыргызстандын түстүү металл өнөр жайларынын продуктулары боюнча маалыматтар аркылуу аларды пайдаланат. |

Жогоруда 9-таблицада көрсөтүлгөндөй окуучуларда предметтик жана түйүндүү компетенттүүлүктөрдүн калыптанышы боюнча I деңгээл (репродуктивдүү) «канааттандыраарлык», II деңгээл (продуктивдүү) «жакшы», III денгээл (креативдүү ) «эң жакшы» деп бааланат.

## 4- бөлүм. Билим берүү процессин уюштурууга коюлуучу талаптар

### 4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Химия предметин окутууда ресурстук камсыздоого талаптар коюлган максаттарга жана күтүлүүчү натыйжаларга жетишүүнү эске алуу менен түзүлгөн жана төмөнкү окуу ресурстарын өзүнө камтыйт:

1. Окуу программалары,
2. Окуу китептери, окуу-методикалык колдонмолору, сөздүктөр. Кошумча басма жана электрондук (интернет) билим берүү ресурстары, окуу жана техникалык каражаттары ( интерактивдик доска) менен камсыз болуу.
3. Эфективтүү коммуникация түзүү максатында окуу процессин жүргүзүү үчүн химия кабинети жана лаборатория бөлмөсүнөн турушу зарыл. Химиялык лабораторияда: химиялык идиштерди сактоо үчүн текчелер же шкафтар, химиялык реактивтер үчүн атайын темир шкафтар менен камсыздоо керек.
4. Химиялык эксперимент өткөрүү үчүн:

**Химиялык идиштер жана лабораториялык жабдыктар.** 100 шт. пробирка (ар түрлүү өлчөмдө), түбү жалпак колбалар-10 шт., пипетка-15 шт., айнек таякча- 15 шт., фосфор *табакча,* жанчыгычы менен- 15 шт.

Түтүкчөлөр (айнек же пластмасса) - 15 шт., темир кашыкча- 15 шт., шпатель-4 шт., кыпчыгыч-15 шт, химиялык идишти жуугуч щетка-5 шт., пробирка үчүн штативдер-15 шт., айнек пластинкасы-12 шт., бууландыруучу табакча- 15 шт., Химиялык стакандар- 50 мл., 25 мл.–15 шт., түбү жалпак тегерек колба - 5 шт., үч бурчтук колба- 5 шт., куйгуч-10 шт., түтүкчө- 19 шт., кристаллдаштыруучу айнек идиш -10 шт., мензурка-20шт.; өлчөөчү стакандар- 10 шт. ( 5 мл., 10мл., 25 мл., 50 мл., 100 мл. ), тамчылаткыч - 15шт., өлчөөчү колба – 10 шт, түбү тегерек колба – 10 шт.

**Химиялык реактивтер:**

**Минералдык кислоталар:** Туз кислотасы (50 мл), күкүрт кислотасы (50 мл), азот кислотасы (50 мл), фосфор кислотасы (50 мл).

**Туздар** хлориддер, сульфаттар, нитраттар, фосфаттар.

**Негиздер. Щелочтор. Оксиддер.**

**Индикаторлор:** Лакмус кагазы, суюктугу, метилоранж, фенолфталеин.

5. Мугалим жана окуучунун иш столу үчүн керектүү техникалык камсыздоо (электр түйүндөрү, суу түтүгү, канализация).

### 2.6. Мотивтештирүүчү окуу чөйрөсүн түзүү

Химия эксперименталдык илим болгондуктан, химиялык эксперимент аркылуу окутуу окуучунун химия предметине болгон кызыгуусун арттырат.

Химиялык эксперимент, лабораториялык тажрыйба аткарууда окуучулар бири бири менен баарлашууда болушат, ойлорун угушат, группа менен презентация жасашат.

Окуучулар химиялык эксперименте өздөрү байкайт, байкагандарын баяндап жазат анын тууралыгын кайра эксперимент аркылуу текшерет, презентация жасайт, окуучулардын ортосунда пикир алмашуу жүрөт да жыйынтыгында жаңы билимдерге ээ болушат. Демек жогорудагыдай окуп-таанып билүү иш аракеттердин негизинде окуучуларда маалыматтык, социалдык- коммуникативдик, өзү пробема коё билүү жана аны чече билүү компетенттүүлүгү калыптанат, активтүү таанып билүүсү, предметке болгон мотивациясы өсөт.

# Физика сабагынан баалоонун критерийлери

| № | Күтүлүүчү натыйжа | Баалоо куралы | Мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| | | өлчөмдөрүнө ылайык жыйынтыктоочу баалоо. | |
| 10. | Практикалык долбоордук ишмердүүлүк боюнча өз жыйынтыгын чыгара алат. | Калыптандыруучу баалоо. Оозеки жооптордун баалоо чен-өлчөмдөрүнө ылайык жыйынтыктоочу баалоо. | Жыл ичинде |
| 11. | Маалымат менен иштейт, негизги ойду бөлө алат. | Калыптандыруучу баалоо. Оозеки жооптордун баалоо чен-өлчөмдөрүнө ылайык жыйынтыктоочу баалоо. | Жыл ичинде |
| 12. | Пайдаланган чоңдуктардын өлчөө бирдигин жана белгиленишин, физикалык маанисин туура аныктайт: электромагниттик нурлануунун агымынын тыгыздыгы, Планктын турактуулугу, атомдун ядролордун байланыш энергиясы. Бул билимдерди маселелерди чыгарууда пайдаланат. | Эсептөө маселелерин чыгаруу билгичтигинин чен-өлчөмдөрүнө ылайык жыйынтыктоочу баалоо. | Жыл ичинде |

***Билимге баа берүү*** – системалуу жараян, ал алдын ала пландаштырылганга бар болгон билим, билгичтик, көндүмдүн ылайык келүү даражасын аныктоодон турат. Баа берүүнүн биринчи керектүү шарты: билим берүү максаттарын пландаштыруу; ансыз жетишилген натыйжаларды талдоо мүмкүн эмес. Экинчи керектүү шарт – билимдин чыныгы деңгээлин аныктоо жана аны берилген менен салыштыруу.

Баа берүү жараяны төмөнкү компоненттерден турат: окутуунун максатын аныктоо; ушул максатка жетүүсүн текшерген тапшырмаларды тандоо; баа же текшерүүнүн жыйынтыктарын билдирген башка ыкма. Баа берүүнүн бардык компоненттери өз ара байланышта жана ар бири бардык кийинкиге таасир этет.

Коюлган максатка жараша көзөмөлдөө программасы түрдүү түзүлөт, ар түрдүү типтеги суроолор жана тапшырмалар тандалат. Бирок, билимдерге баа берүүнүн болжолдуу ченемдерин колдонуу окуучунун билимине жана билгичтигине баа берүүгө окшоштукту киргизип, аны көбүрөөк объективдүү кылса болот. Болжолдуу ченемдер негиз боло алат, аны пайдалануу менен мугалим окуучунун билимдерин жана билгичтиктерин баалайт.

**Окуучулардын ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрү боюнча баалоонун чен - өлчөмдөрү**

**1. Оозеки жоопторду баалоонун чен-өлчөмдөрү**

***"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:**

- карлып жаткан кубулуштардын жана мыйзамченемдүүлүктөрдүн, мыйзам жана теориялар негизги түшүнүктөр жана мыйзамдар, теориялардын так аныктамасын берсе, ошондой эле физикалык чоңдукту, алардын бирдигин жана өлчөө ыкмаларын туура аныктаса;
- графиктерди, схемаларды, сүрөттөрдү туура аткарса;
- жоопту өздүк план боюнча далилдүү кура алса;

- практикалык ишти аткарууда билимин жаңы кырдаалдарда колдоно алса;
- веб-квест менен иштей алса;
- материалдын жалпы мазмунунан негизгисин бөлө алса;
- өз алдынча долбоор, изилдөө иштерин даярдаса;
- физика курсу боюнча мурда өтүлгөн материал менен жаңы материалды, башка предметтерди окуп-үйрөнүүдө өздөштүргөн материал менен байланышты кура алса.

***"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- жообу “5” деген баага коюлган негизги талаптарын канааттандырса;
- бирок жаңы мисалдарды келтирүүдө же өз планын пайдаланбаса;
- жаңы кырдаалда колдонбосо;
- мурда окуп-үйрөнүлгөн материалдардын ортосундагы байланыштарды же башка предметтерди өздөштүрүүдө пайдаланбаса;
- эгер окуучу бир ката кетирсе, экиден ашпаган кемчилик болсо жана мугалимдин бир аз колдоосу менен же өз алдынча оңдосо.

***"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- каралган кубулуштардын, мыйзамченемдүүлүктөрдүн физикалык маңызын туура түшүнсө, бирок жоопторунда физиканын курсунун суроолорун өздөштүрүүдө программалык материалды келечекте өздөштүрүүдө тоскоолдук кылбаган мүчүлүштүктөр бар болсо;
- жөнөкөй маселелерди чечүүдө даяр формуланы пайдалануу менен алган билимин колдоно алса, бирок кээ бир формулаларды өзгөртүп түзүүнү талап кылган маселелерди чыгарууда кыйналса;
- бир одоно, бир одоно эмес ката кетирсе, 2-3 ашпаган одоно эмес кемчилик болсо.

***"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- **окуучу талаптарга ылайык негизги** предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болбосо;
- “3” деген баа үчүн керектүүгө караганда көбүрөөк каталарды жана кемчиликтерди кетирсе.

***"1" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- окуучу коюлган суроолордун бирине да жооп бере албаса.

**2. Жазуу, текшерүү иштерин баалоонун чен-өлчөмдөрү**

***"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- **ишти** катасы, кемчилиги жок аткарса.

***"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- ишти толук аткарса, бирок бир катасы, бир кемчилиги же 3төн ашпаган кемчилик кетирсе.

***"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- бардык иштин көлөмүнөн 2/3 бөлүгү туура болсо, бир одоно ката кетсе же 3 одоно эмес ката, 3 чейинки кемчиликти кетирсе, 3-4 кемчилик болсо.

***"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- иш 3 деген баанын талабына жооп бербесе же иштин 2/3 бөлүгү аткарылса.

***"1" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- иш дээрлик аткарылбаса же одоно каталар кетирилсе.

**3. Эсептөө маселелерин чыгаруу билгичтигин баалоонун чен-өлчөмдөрү**

***"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- төмөнкү элементтерди камтыган маселенин толук чыгарылышын берсе:
- схемалык сүрөттү берсе (керектүү учурларда);
- схема, маселенин шартын чагылдырган графигин берсе;
- маселени чыгарууда колдонуу керек болгон физикалык мыйзамдын формуласын туура жазса;
- өлчөөчү бирдикти туура эсептесе;
- туура сандык жоопко керектүү математикалык өзгөртүүлөр жана эсептөөлөр жүргүзсө жана жооп берсе.

***"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- чыгарган маселеде төмөндө келтирилген кемчиликтердин бири кездешсе:
- керектүү математикалык өзгөртүүлөрдө жана эсептөөлөрдө ката кетирсе;
- сандык эсептөөлөрү жок туура жоопту жалпы түрдө берсе;

- керектүү формулалар туура жазылып, схемалык сүрөт, схема, график, туура жооп жазылган (керектүү учурларда), бирок жоопко алып келген керектүү математикалык өзгөртүүлөрдү бербесе.

*"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:

- төмөнкү учурлардын бирөөнө ылайык келген чечимдерди келтирсе:
- керектүү математикалык өзгөртүүлөрдө кандайдыр бир сандык эсептөөлөр жок болсо,
- берилген схема, сүрөт, график, таблица боюнча баштапкы маалыматтарды аныктоодо ката кетирсе, бирок башка эсептөөлөрдү катасыз аткарса;
- маселелерди чыгаруу үчүн керектүү баштапкы бардык формулалар толук жазылбаса жана пайдаланбаса же бирөөсүндө ката болсо;
- схема, сүрөт, маселенин шартын чагылдырган график гана берилсе (керектүү учурларда) же сүрөтү жок туура жоопту эле берсе.

*"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:

- маселени жогоруда көрсөтүлгөн чен-өлчөмдөргө ылайык келбегендей чыгарса.

*"1" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:

- ишти дээрлик аткарбаса же тапшырмаларда одоно каталары менен аткарса.

## 4. Эксперименталдык иш аткаруу билгичтигин баалоонун чен-өлчөмдөрү

*"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:

- тажрыйбаларды жана өлчөөлөрдү өткөрүүнүн керектүү иреттүүлүктү сактоо менен ишти толук көлөмдө аткарса;
- керектүү жабдууларды өз алдынча жана сарамжалдуу (рационалдуу) оңдой алса;
- бардык тажрыйбаларды туура жыйынтыктарды жана корутундуларды алууну камсыздаган режимдерде жана шарттарда аткарса;
- эмгек коопсуздугунун талабын сактаса;
- отчетто жазууларды, таблицаларды, графиктерди, эсептөөлөрдү тыкан жана туура аткарса;
- талдоо жүргүзүп жана өз алдынча жыйынтык чыгарса.

*"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:

- ишти 5 деген баанын талабына ылайык аткарса, бирок бирден ашпаган одоно эмес ката жана бир кемчилик кетирсе.

***"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:**

- иштиi толук аткарбаса, бирок **аткарган** иштин көлөмүнүн бөлүгү туура жыйынтыктарды жана корутундуларды алууга мүмкүнчүлүк берсе;
- тажрыйбаларды жана өлчөөлөрдү өткөрүүнүн жүрүшүндө каталарды кетирсе.

***"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:**

- ишти толук аткарбаса;
- аткарылган иштин көлөмү туура жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк бербесе;
- байкоо жүргүзүү жана эсептөөлөр туура эмес өткөрүлсө.

***"1" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:**

- **таптакыр** ишти аткарбаса.

# Математика сабагынан баалоонун критерийлери

## 1. Текшерүү иштерди жана өз алдынча иштерди баалоонун чен-өлчөмдөрү

*"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

- тапшырманы толугу менен аткарса;
- логикалык ой жүгүртүүдө жана чечимди негиздөөдө каталар жана жетишпестиктерди кетирбесе;
- чыгарылышта математикалык каталарды кетирбесе (бир ката бар болушу мүмкүн, ал окуу материалын билбегенден же түшүнбөгөндөн эмес).

*"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

- тапшырманы толугу менен аткарса, бирок чечимдердин кадамдарынын негиздөөлөрү жетиштүү эмес болсо;
- сүрөттөрдө, чиймелерде эки же үч жетишсиздик, каталар бар болсо.

*"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

- бирден көп ката кетирсе;
- чиймелерден, сүрөттөрдөн үч же төрт жетишсиздиктер бар болсо;
- текшерилип жаткан тема боюнча милдеттүү билгичтиктерге ээ болсо.

*"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

- берилген тема боюнча милдеттүү билгичтиктерге ээ болбогонун көрсөткөн жеткиликтүү каталар кетирсе.

## 2. Оозеки жоопторду баалоонун чен-өлчөмдөрү

*"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

- китепте жана программада каралган көлөмдө материалдын мазмунун толугу менен ачса;
- белгилүү логикалык ырааттуулукта математикалык терминология жана символиканы так пайдалануу менен сабаттуу тилде берсе;
- жоопторго жардам берүүчү сүрөттөрдү, чиймелерди, графиктерди туура аткарса;
- жалпылоо жана тыянак чыгаруу белгилүү фактыларга таянса, окуу китебиндеги мисалдар менен гана тастыкталбастан кошумча адабияттан, айлана-чөйрөдөгү жекече байкоо жүргүзүүнүн негизинде дагы тастыктаса;
- негизгисин башкасынан бөлүп караса;
- өзүнчө фактыларды жалпылоолордон айырмалай билүүнү көрсөтсө;
- кошумча суроолорго жооп берүүдө 1-2 так эместикти кетирсе;
- мугалимдин эскертүүсүнөн кийин каталарды жеңил ондосо.

*"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:*

- негизги материалды, ошондой эле орчундуу майда-бараттарды билүүдө «5» деген баа алгандай өздөштүрсө, бирок материалды түшүндүрүп берүү ыкмаларында жана мазмунунда кээ бир кемчиликтерди кетирсе.

***"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- мектеп программасынын чегинде негизги материалга тиешелүү жеткиликтүү терең билимдери бар болсо;
- материалдын мазмунун терең чече албаса;
- программанын башка суроолору боюнча каталарды кетирсе;
- өзү кошумча суроолорго жооп берүү менен оңдой алса.

***"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- берген жообу, кетирген каталары жогоруда коюлган талаптарды канааттандырбаса;
- жыйынтыгында одоно каталар фактылык материал жөнүндө начар билими тууралуу күбөлөндүрсө;
- кошумча суроолорго дагы жооп бере албаса.

## МАТЕМАТИКАЛЫК ДАЯРДЫКТЫН ДЕНГЭЭЛИНЕ КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

10-11 класстын математика курсун окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында окуучулар **төмөнкү билгичтиктерге** ээ болушу керек:

- эсептегич түзүлүштөрдү колдонуу, оозеки жана жазуу ыкмаларын айкалыштыруу менен арифметикалык амалдарды аткара билет;
- аныктаманын негизинде, калькулятордун жана таблицанын жардамы менен бурчтун синусун, косинусун, тангенсин табат;
- практикалык маселелерди чыгарууда тригонометриялык формулаларды колдонот;
- маалымат материалдарынын жардамы менен тригонометриялык туюнтмаларды теңдеш өзгөртүп түзүүлөрдү аткарат;
- тригонометриялык функциялардын касиеттерин билет жана алардын графигин түзөт;
- жөнөкөй тригонометриялык теңдемелерди чыгарат;
- тригонометриялык теңдемелерди чыгаруунун кээ бир ыкмаларын билет;
- параллель түз сызыктардын жана тегиздиктердин аныктамасын, алардын мейкиндикте өз-ара жайгашуусун, түз сызыктардын жана тегиздиктердин параллелдүүлүгүн; перпендикуляр түз сызыктардын жана тегиздиктердин, мейкиндиктеги перпендикуляр жана жантык жөнүндө аныктамаларын билет;
- түз сызыктардын ортосундагы, түз сызык менен тегиздиктин жана тегиздиктердин ортосундагы бурчтардын мазмунун түшүнөт;
- түз сызык менен тегиздиктин перпендикулярдуулук белгисин билет;
- мейкиндиктеги объектилердин өз-ара жайгашуусун талдай алат;

- геометриялык чондуктарды (узундугун, бурчтарын, аянттарын) табууга стереометриялык маселелерди чечет; зарылдыгына жараша эсептегич түзүлүштөрдү пайдалануу менен натуралдык көрсөткүчтүү даражаны, рационалдык көрсөткүчтүү даражаны, логарифманын тамырларын табуу үчүн практикалык ишмердүүлүктө жана күнүмдүк жашоодо алынган билимдерди жана билгичтиктерди пайдалануу;
- белгилүү формулалар жана эрежелер боюнча тригонометриялык функцияларды, логарифманы, радикалды жана даражаны камтыган тамгалуу туюнтмаларды өзгөртө алат;
- керектүү өзгөртүп түзүүнү жана ордуна коюларды жүргүзүү менен сандуу жана тамгалуу туюнтмалардын маанилерин эсептейт;
- окуп-үйрөнүлгөн функциянын графигин түзө алат;
- график боюнча жана жөнөкөй учурларда формула боюнча функциянын абалын жана касиетин баяндайт, график боюнча эң чоң жана эң кичине маанисин табат;
- ар кандай көз карандылыктарды функциялардын жардамы менен баяндоо үчүн график түрүндө көрсөтүүдө, графиктерди түшүндүрүүдө, күнүмдүк жашоодо жана практикада алынган билимин жана билгичтигин пайдаланат;
- маалымат материалдарын пайдалануу менен, жөнөкөй функциялардын туундусун жана баштапкы функциясын эсептей алат;
- функцияны монотондуулугун изилдөөгө, анын эң кичине жана эң чоң маанисин табууга, математикалык анализдин аппаратын пайдалануу менен көп мүчөлөрдүн графигин жана жөнөкөйлүүрөөк рационалдык функцияларды түзөт;
- баштапкы функцияны пайдалануу менен жөнөкөй учурларда аянтты табат;
- эң кичине жана эң чоң маанини, ылдамдыкты жана ылдамданууну табууга колдонмо (прикладдык) маселелерди анын ичинен социалдык-экономикалык, физикалык маселелерди чечет;
- рационалдык, көрсөткүчтүү жана логарифмалык теңдемелерди, барабарсыздыктарды, иррационалдык жана жөнөкөй тригонометриялык теңдемелерди, алардын системаларын чыгара алат;
- жөнөкөй комбинатордук маселелерди тандап алуу ошондой эле белгилүү формулаларды пайдалануу менен чыгара алат;
- окуялардын ыктымалдыгын сандык эсептөөлөрдүн негизинде жөнөкөй учурларда эсептей алат;
- күнүмдүк жашоо жана практикалык ишмердүүлүктө алган билимин жана билгичтиктерин чыныгы сандык маалыматтардын диаграмма, график түрүндө, статистикалык мүнөздөгү маалыматты талдоо үчүн пайдалануу;
- мейкиндик формаларын чиймелерде жана моделдерде тааныйт, үч өлчөмдүү объекттерди алардын баяндалышы менен сүрөттөлүштөрүн айкалыштырат;
- мейкиндиктеги түз сызыктардын жана тегиздиктердин өз-ара жайгашуусун баяндайт, мындай жайгашуу боюнча жеке пикирин далилдей алат;
- жөнөкөй учурларда мейкиндикте объектилердин өз-ара жайгашуусун талдай алат;
- негизги көп грандыктарды жана айлануу телолорун сүрөттөй алат, маселенин шарты боюнча чиймесин аткарат;
- кубдун, призманын, пирамиданын жөнөкөй кесилиштерин кура алат;

- геометриялык чоңдуктарды (узундук, бурч, аянт, көлөм) табууга карата планиметриянын жана стереометриянын жөнөкөй маселелерин чыгарат;
- керектүү учурларда маалымат булактарын жана эсептегич түзүлүштөрдү пайдалануу менен практикалык маселелерди чыгарууда мейкиндиктеги телолордун көлөмдөрүн жана беттеринин аянттарын эсептейт;
- векторлордун аныктамасын, векторлордун касиеттерин билет;
- векторлор менен болгон амалдарды жүргүзө билет, вектордук усулду колдонуу менен маселе чыгара алат.

# Адам жана коом сабагынан баалоонун критерийлери

Оозеки жоопко коюлуучу баалардын ченемдери:

- «2» деген баа – жооптон окуучу окуу материалынын мазмунун түшүнбөгөнү же мугалимдин жетелеме суроолорунан кийин оңдой албаган олуттуу каталарды кетиргени байкалат.
- «3» деген баа –жооп толук, бирок олуттуу ката кетирилген же жооп толук эмес, байланышсыз.
- «4» деген баа –окуп-үйрөнгөн теориялардын негизинде жооп толук жана туура; материал белгилүү бир логикалык удаалаштыкта берилген, ошол эле учурда мугалимдин талабы менен оңдолгон 2-3 анча олуттуу эмес ката кетирилген.
- «5» деген баа – окуп-үйрөнгөн теориялардын негизинде жооп толук жана туура; материал белгилүү бир логикалык удаалаштыкта, адабий тил менен берилген; өз алдынча жооп.

***2. Жазуу түрүндөгү жооп***

Жазуу түрүндөгү жоопту баалоонун критерийлери:

Жазуу түрүндөгү жоопту баалоодо төмөнкү элементтерди бөлүп көрсөтүүгө болот:

- проблеманы ачып берүүдө өз көз карашын (позициясын, мамилесин) көрсөтүү;
- проблеманы теориялык деңгээлде ачып берүү (негиздөөлөр менен байланышта) же жоопто терминдер менен түшүнүктөрдү пайдаланбастан;
- коомдук турмуштун фактыларына же өз тажрыйбасына таянуу менен өз позициясын аргументтөө.

Жазуу жүзүндөгү жоопко коюлуучу баалардын ченемдери:

- 2» деген баа проблема ачылып берилбесе же тапшырманын контекстиндеги эмес маалымат (коомдук турмуштун же өз тажрыйбасынын фактылары) берилсе коюлат.
- «3» деген баа көтөрүлгөн проблема боюнча өздүк позициясы аргументтөөсүз тиричилик деңгээлинде берилсе коюлат.
- «4» деген баа проблеманы ачып берүүдө өз көз карашы (позициясы, мамилеси) көрсөтүлсө коюлат. Проблема терминдерди жана түшүнүктөрдү формалдуу колдонуу менен ачылган. Коомдук турмуштун фактыларына же өздүк социалдык тажрыйбасына таянуу менен өз пикирин аргументтеген.
- «5» деген баа проблеманы ачып берүүдө өз көз карашы (позициясы, мамилеси) көрсөтүлсө коюлат. Проблема теориялык деңгээлде, негиздөөлөр менен байланышта, контекстте терминдерди жана түшүнүктөрдү корректүү колдонуу менен ачылган. Коомдук турмуштун фактыларына же өздүк социалдык тажрыйбасына таянуу менен өз пикирин аргументтеген.

***3. Практикалык иш***

Баалоонун критерийлери:

Практикалык ишти баалоодо төмөндөгү элементтерди бөлүп көрсөтүү керек:

а) иште зарыл болгон ырааттуулукту сактоо;

б) окуучулар ишти аткаруу үчүн зарыл болгон билимдердин булактарын өз алдынча тандап алышат;

в) практикалык иштерди аткаруу үчүн зарыл болгон теориялык билимдерди, практикалык билгичтиктер менен көндүмдөрдү өз алдынча пайдаланышат.

Практикалык ишке коюлуучу баалардын ченемдери:

- «2» деген баа окуучу ишти аткарууга даяр болбосо коюлат. Алынган натыйжалар туура бүтүмдөрдү жасоого шарт түзө албайт жана коюлган максатка туура келбейт. Теориялык материалды начар билери жана керектүү билгичтиктердин жоктугу көрүнөт. Окуучу начар даярдангандыктан, мугалимдин жана башка окуучулардын жетекчилиги менен көмөгү натыйжа бербейт.
- «3» деген баа практикалык иш мугалимдин же жакшы даярданган жана бул ишти «эң жакшы» аткарган окуучулардын жардамы менен аткарылса коюлат. Ишти аткарууга көп убакыт жумшалат (толук бүткөрүү үчүн ишти үйгө берүүгө болот). Окуучулар теориялык материалды билерин көрсөтөт, бирок өз алдынча иштөөдө кыйналат.
- «4» деген баа практикалык иш же өз алдынча иш окуучу тарабынан толук көлөмдө жана өз алдынча аткарылса, коюлат. Аткаруунун зарыл болгон ыраатынан четтөөлөр байкалат, бирок алар жыйынтыктын тууралыгына таасир тийгизе албайт (айрым аймактарды же өлкөлөрдү мүнөздөөдө типтүү пландын пункттарын алмаштыруу ж.б.). Окуучулар мугалим көрсөткөн билим булактарын колдонот. Иш окуучунун теориялык негизги материалды билерин, ишти өз алдынча аткаруу үчүн зарыл болгон билгичтиктерге ээ болгонун көрсөтөт. Иштин жыйынтыктарын берүүдө так эместиктер жана этибарсыздыктар болушу мүмкүн.
- «5» деген баа  иш толук көлөмдө тиешлеүү ырааттуулукту сактоо менен аткарылса, коюлат.  Окуучулар толугу менен өз алднча иштешет: ишти аткаруу үчүн зарыл болгон булактарды тандап алышат, практикалык ишти аткарууга керектүү теориялык билимдерин жана практикалык билгичтиктери менен көндүмдөрүн көрсөтүшөт.

***Талдоо***

Баалоонун эң негизги этабы болуп алынган натыйжаларды балоо эсептелет. Окуу процессинде мугалим ар бир өткөрүлгөн ишке талдоо бериши керрек.

Талдоонун жыйынтыгы боюнча мугалим:

1. Окуучулар менен кери байланышты түзүүсү жана каталардын үстүндө иштөөнү сунуш кылуусу;
2. Өзүнүн ишмердүүлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүүсү, мисалы:
   - окуучулар кыйналган темаларды өдөштүрүүнү улантуу;
   - окуучулардын түшүнүүсүн жакшыртуу үчүн кошумча убакыт бөлүү;
3. Окутуу методикасын көңүл бурусу, оңдоолорду киргизүүсү;
4. Календардык-тематикалык пландоону коррекциялосу керек.

# Тарых сабагынан баалоонун критерийлери

### 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Билим берүүнүн сапатына баа берүү окуучунун билим алуудагы жетишкендиктеринин, билим берүү программаларынын, билим берүү процессинин касиеттеринин жана билим берүү уюмдарында мамлекеттик билим берүү стандарттарынын ресурстук камсыз кылынышын жана билимдин сапатынын ченемдик-укуктук актыларда белгиленген башка талаптарга шайкеш келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт.

1. Окуучулардын жеке билимдик жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн баа берүүнүн диагностук, форматтык жана жыйынтык сыяктуу үч түрү колдонулат.

2. Диагностук баа берүү окуучунун прогрессине баа берүү үчүн колдонулат – окуу жылынын ичинде мугалим окуучулардын компетенттүүлүгүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээлин жетишилген натыйжалар менен салыштырууну жүргүзөт. Диагностук баа берүүнүн натыйжалары сыпаттама түрүндө катталат, алар жалпыланат жана мугалим үчүн окутуу милдеттерин жана окуучулар үчүн окуу милдеттерин коюу жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү жана өркүндөтүү үчүн негиз болуп, кызмат кылат.

3. Форматтык баа берүү материалды өздөштүрүшүнүн жекече өзгөчөлүктөрүн (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алуу менен окуучунун прогрессин аныктоо, ошондой эле ийгиликтерге жетишүү үчүн рекомендацияларды иштеп чыгуу максатында колдонулат. Мугалим форматтык баа берүүнү окутууну өз убагында коррекциялоо, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү, ал эми окуучулар – алар аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат. Окуучунун прогресси окуучу аткарган конкреттүү иштин негизинде билим берүү чөйрөсүнүн алкагында окутуу максаттарында түптөлгөн белгилүү натыйжаларга жетишүү катары аныкталат. Журналга белги коюу менен мугалим окуучунун жекече прогрессине көз салууну белгилейт.

4. Суммативдик баа берүү окутуунун ар бир баскычы үчүн пландаштырылган натыйжаларга окуучунун жетишүү даражасын аныктоо үчүн жардам берет жана учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу баа берүүдөн келип чыгат.

5. Жекече аткарылган милдеттерге учурдагы баа берүү баа берүү ченемдерине (туура чечимдердин саны, жол берилген каталыктардын саны, тариздөө эрежелерин жолдоо ж.б.) жана мугалими жана/же окуучунун өзү берген айрым иштерди аткаруу критерийлерине жараша жүргүзүлөт. Мугалим окуу материалдарын өздөштүрүүдө окуучунун жекече өзгөчөлүктөрүнө учурдагы баа берүүнү жүргүзөт.

6. Орто аралык баа берүү предметтик стандартта аныкталган иштин түрлөрүнүн негизинде жүргүзүлөт: жазуу жүзүндөгү иштер/булактары менен иштер; оозеки жооп/бет ачар; долбоор, изилдөө иштери, иштин өзгөчөлүү түрлөрү; портфолио (жетишкендиктердин папкасы) ж.б. Иштин бардык түрлөрү баа берүү критерийлеринин негизинде бааланат, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баа берүү планын иштеп чыгууда алдын-ала пландаштырылат.

7. Жыйынтык баа берүү мектептин календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы) ылайык жүргүзүлөт жана колдонуудагы ченемдерге жана баа берүүнүн иштеп чыккан критерийлерине ылайык жазуу жүзүндө аткарылат. Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана алардын жыйынтыктоочу баа берүүдөгү салыштырма салмагы окутуунун баскычтарын жана предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен предметтик

стандарттар боюнча аныкталат. Иштердин формаларынын ар түрдүүлүгүн мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аныктайт.

8. 5-9-класстарда баа берүү окуучунун ички туюмуна дем берүү, өзүнө-өзү баа берүү, өзүнө-өзү талдоо жана өз ара баа берүү, өз ишине жана башка окуучулардын ишине сын көз менен баа берүү жөндөмүн калыптандырууга багытталган. Ушул максатта белгилер, ошондой эле сапаттык жана сыпаттоо ыкмалары колдонулат.

9. Баа берүү максаттарына жетишүү үчүн негизги жана жогорку мектептин мугалими:

1) бааны окутуунун натыйжасына жетишүү даражасынын көрсөткүчү катары карайт;

2) натыйжаларга жетишүүгө жана инсандык өнүгүшүнө тиешелүү окуучунун прогрессине көз салат;

3) сапаттык жана сандык баа берүүнүн (окуучунун портфолиосу, байкоо жүргүзүү, тесттер, контролдук иштер ж.б.) ар кандай формаларын (жеке жана топтук, оозеки жана жазуу жүзүндө ж.б.), усулдарды, ыкмаларды жана аспаптарды пайдаланат;

4) маселени биргелешип чечүү үчүн окуучунун прогресси жана окутуу процессиндеги кыйынчылыктар жөнүндө ата-энелерге маалымдайт;

5) ким, качан жана кайда, ага баа бергендигине карабастан окуучуларга коюлган талаптардын бirimдигин камсыз кылат.

Баалоо окуу-тарбия пролцессинин маанилүү этабы, окуучу, мугалим жана жалпы эле тарбиялоо процесси тууралу маалымат алууга багытталган дидактикалык аракеттердин комплекси болуп саналат. Баа окуучулардын алган билимдерин жана ээ болгон компетенцияларын, окуучулардын иштеринин натыйжалуулугун жана колдонулуп жаткан дидактикалык стратегиялардын тууралыгын аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

Баалоо – бул билим берүү процессине интеграцияланган комплектүү дидактикалык метод, ал өткөрүү мөөнөтүнө жараша: биринчи, күндөлүк жана жыйынтыктоочу болушу мүмкүн.

Натыйжалуу окутууга багытталган баалоо системасы төмөндөгүлөргө мүмкүнчүлүк түзөт:

— окуучуларга предметти окуп-үйрөнүүдө канчалык ийгиликке, мугалимге коюлган максатына жетишкендиги тууралу маалымат берип, кайтарым байланышты жүзөгө ашырат;

— аны жазалоо эмес, кызыктыруу формасында колдонуу;

— окуу ишмердигин стимулдаштыруу;

— анын жардамы менен окуучулардын бир аз да болсо алга жылуусун белгилөө;

— өзүн-өзү баалоонун калыптанышына жана өнүгүшүнө көмөктөшүү.

Бардык окуучулардын активдүүлүгүнө жана потенциалына карабастан камтылгандыгы баалоонун маанилүү шарты. Баа окуучулардын таанып-билүү жана изилдөөчүлүк ишмердигин стимулдаштырууга, кыйла жогорку натыйжаларга жетишүү перспективасын ачууга тийиш. Баалоо аркылуу мугалим окутуу процессинде окучу кездеше турган проблеманы, кыйынчылыктарды айкындоого тийиш. Баалоонун натыйжасында чыгарылган тыянак, мугалимге конкреттүү кырдаалда иштөө методдорун жана формаларын колдонуунун натыйжалуулугу тууралу зарыл маалымат берет.

Баалоо төмөнкү этаптарды өзүнө камтыйт:

1. Максатты пландаштыруу, коюу, критерийлерди жана баалоо шкаласын аныктоо.

2. Иштелип чыккан критерийдин негизинде окутуунун натыйжаларын баалоо жана түшүндүрмө берүү.
3. Баалоонун негизинде корутунду чыгаруу.
4. Жүргүзүлгөн баалоонун негизинде практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Окуучуларды баалоонун принциптери жана критерийлери билим берүүнүн максаттары жана милдеттери менен шартталган. Негизги максаттарды жүзөгө ашыруу үчүн мугалим окуу стандарттарын колдонот жана анын базасында баалоонун критерийлерин жана формаларын иштеп чыгат.

Мугалим натыйжаларды баалоонун оозеки, жазуу жана практикалык формаларын колдонууга тийиш. Окуучулардын билимин текшерүүнүн төмөндөгүдөй формалары жана методдору каралат:

— суроолорго жооп;
— айтып берүүнүн түрлөрү;
— тарыхый инсандарга мүнөздөмө берүү;
— жеке жана топтук долбоор;
— контурдук карта менен иштөө;
— тестирлөө.

Мында жооптордун тууралыгы гана бааланбастан, билимдердин жана компетенциялардын системасы, жооп берүүчүнүн эрудициясы, предметке мамилеси бааланат.

# Астрономия сабагынан баалоонун критерийлери

**Окуучунун билимин баалоонун чен-өлчөмү жана анын көрсөткүчтөрү**

**7-таблица**

| Чен-өлчөмдөр | Деңгээлдер боюнча көрсөткүчтөр | | |
|---|---|---|---|
| | 1- деңгээл | 2- деңгээл | 3- деңгээл |
| Түшүнүү | Жашоого мүнөздүү болгон негизги жана өзгөчөлүктүү белгилерин тааныйт жана айырмалайт. | Фактыларга таянуу менен, негизги белгилерин далилдөөдө мисалдарды келтирет. | 1-объектке окшош башка объектти изилдөөдө мурда өздөштүрүлгөн түшүнүктөрдү колдонот. |
| Логикалык өз ара байланыштын түзүлүшү | Космосто өтүүчү кубулуштардын себеп-натыйжа байланыштарын белгилейт. | Космостук объекттердин өз ара байланышын баяндай алат. | Космосто себеп-натыйжа байланыш схемасын түзөт. |
| Таанып билүү процессинде белгилерди, схемаларды, моделдерди колдонуу | Жараянды өз алдынча тааныштыруу боюнча жөнөкөй моделдерди курат. | Көйгөйлүү тапшырмаларды аткарууда моделди колдонот. | Өтүп жаткан процессти түшүндүрүүдө шарттуу белгилерди колдонот. |
| Жекече көз караштын калыптанышы | Маалыматты таба алат, кайра иштетет жана талдайт. | Маалыматты кайра иштетүүнү пландаштырат. | Фактыларды далилдөөдө жөнөкөй изилдөөлөрдү аткарат. |
| Өздөштүргөн маалыматты практикада колдонуу | Өздөштүргөн маалыматтар боюнча практикалык иштерди аткарат жана бир нерсени колдонуу же колдонбоо себептерин көрсөтөт. | Кубулуштун механизмин ачууда астрономиялык жалпы закон ченемдүүлүктөргө таянат.<br><br>Практикалык иштердин бардык баскычтарын пландаштырат жана аткарат. | Элестетүүгө таянуу менен схема түзөт, мисалы: күн энергиясынын алмашышы. Практикалык иштердин варианттарын ишке ашырат. |

## ОКУУЧУЛАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮНҮН ТҮРЛӨРҮ БОЮНЧА БААЛООНУН ЧЕН-ӨЛЧӨМДӨРҮ

### 1. Оозеки жоопторду баалоонун чен - өлчөмдөрү

***"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:**

- каралып жаткан кубулуштардын жана закон ченемдүүлүктөрдүн, негизги түшүнүктөр жана закондор, теориялардын так аныктамасын берсе;
- графиктерди, схемаларды, сүрөттөрдү туура аткарса;

- жоопту өздүк план боюнча далилдүү кура алса;
- практикалык ишти аткарууда билимин жаңы кырдаалдарда колдоно алса;
- веб-квест менен иштей алса;
- материалдын жалпы мазмунунан негизгисин бөлө алса;
- өз алдынча долбоор, изилдөө иштерин даярдаса;
- астрономия курсу боюнча мурда өтүлгөн материал менен жаңы материалды, башка предметерди окуп-үйрөнүүдө өздөштүргөн материал менен байланышты кура алса.

***"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- жообу 5 деген баага коюлган негизги талаптарын канааттандырса;
- бирок жаңы мисалдарды келтирүүдө же өз планын пайдаланбаса;
- жаңы кырдаалда колдонбосо;
- мурда окуп-үйрөнүлгөн материалдардын ортосундагы байланыштарды же башка предметтерди өздөштүрүүдө пайдаланбаса;
- эгер окуучу бир ката кетирсе, экиден ашпаган кемчилик болсо жана мугалимдин бир аз колдоосу менен же өз алдынча оңдосо.

***"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- каралган кубулуштардын, закон ченемдүүлүктөрдүн физикалык маңызын туура түшүнсө, бирок жоопторунда астрономия курсунун суроолорун өздөштүрүүдө программалык материалды келечекте өздөштүрүүдө тоскоолдук кылбаган мүчүлүштүктөр бар болсо;
- бир одоно, бир одоно эмес ката кетирсе, 2-3 ашпаган одоно эмес кемчилик болсо.

***"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- окуучу талаптарга ылайык негизги, предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болбосо;;
- 3 деген баа үчүн керектүүгө караганда көбүрөөк каталарды жана кемчиликтерди кетирсе.

***"1" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- окуучу коюлган суроолордун бирине да жооп бере албаса.

## 2. Эксперименталдык ишти аткарууну баалоонун чен - өлчөмдөрү

***"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу:***

- тажрыйбаларды жана өлчөөлөрдү өткөрүүнүн керектүү ирееттүүлүктү сактоо менен ишти толук көлөмдө аткарса;
- керектүү жабдууларды өз алдынча жана сарамжалдуу (рационалдуу) оңдой алса;

- бардык тажрыйбаларды туура жыйынтыктарды жана корутундуларды алууну камсыздаган режимдерде жана шарттарда аткарса;
- эмгек коопсуздугунун талабын сактаса;
- отчетто жазууларды, таблицаларды, графиктерди, эсептөөлөрдү тыкан жана туура аткарса;
- талдоо жүргүзүп жана өз алдынча жыйынтык чыгарса.

***"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:**

- ишти 5 деген баанын талабына ылайык аткарса, бирок бирден ашпаган одоно эмес ката жана бир кемчилик кетирсе.

***"3" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:**

- ишти толук аткарбаса, бирок аткарган иштин көлөмүнүн бөлүгү туура жыйынтыктарды жана корутундуларды алууга мүмкүнчүлүк берсе;
- тажрыйбаларды жана өлчөөлөрдү өткөрүүнүн жүрүшүндө каталарды кетирсе.

***"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:**

- ишти толук аткарбаса;
- аткрылган иштин көлөмү туура жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк бербесе;
- байкоо жүргүзүү жана эсептөөлөр туура эмес өткөрүлсө.

***"1" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:**

- **таптакыр** ишти аткарбаса.

## «АСТРОНОМИЯ» КАБИНЕТИН РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

Терезелердин караңгыланышы терезелердин санына жараша болот.

**1-таблица**

| **Приборлор** | | Саны |
|---|---|---|
| 1. | Люксометр | 1даана |
| 2. | Күн системасынын модели | 1 даана |
| 3. | Рефрактору 60/600 телескоп | 1 даана |
| 4. | Штатив менен дүрбү | 1 даана |
| 5. | Асман сферасынын модели | 1 даана |

# Кыргыз тили сабагынан баалоонун критерийлери

**Кыргыз тили сабагында негизги иштерди баалоо критерийлери жана нормалары.**

**Оозеки сурамжылоо.** Кыргыз тилинде оозеки сурамжылоо окуучулардын билимин эсепке алуунун негизги жолу болуп саналат. Окуучунун толук жообу берилген темага байланыштуу, логикалык ырааттуу билдирүү, анын аныктамаларды, конкреттүү учурларда эрежелерди колдоно алуу жөндөмүн корсөтөт.

Окуучулардын жообун сунушталган баалоо критерийлери:

1) жооптун суроого дал келиши;

2) жооптун далилдөөсү;

3) жооптун тил кооздугу.

Сунушталган нормативдер:

**Оозеки жооптун баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы**

| Баа | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| **“5” деген баа** | Окуучу билимин жана ошол теманы түшүнгөнүн көрсөтөт:<br>1) тил түшүнүктөрүнө туура аныктамаларды берет;<br>2) өзүнүн ой пикирин негиздей алат, билимин практикада колдон алат, керектүү мисалдарды китептен эле келтирбестен, өз алдынча да түзө алат;<br>3) адабий тилдин нормаларында материалды ирееттүү жана туура баяндайт. |
| **“4” деген баа** | Жооп “5” деген баадагы талаптарга дал келет, бирок өзү оңдогон 1, 2 катага, ырааттуулукта жана тил кооздугундагы баяндоодо 1-2 кемчиликке жол берет. |
| **“3” деген баа** | Окуучу билимин жана ошол теманын негизги жоболорун түшүнгөнүн көрсөтөт, бирок:<br>1) материалды толук эмес баяндайт жана түшүнүктөрдү же эрежелерди так эмес аныктоого жол берет;<br>2) өз оюн жетишерлик терең жана ишенердик далилдей албайт жана өз мисалдарын келтире албайт;<br>3) материалды ирээти менен баяндабайт жана тил кооздугунда баяндоодо катага жол берет. |
| **“2” деген баа** | Окуучу ылайыктуу бөлүмдүн материалын көпчүлүк бөлүгүн билбегендигин көрсөтөт, эреже жана түшүнүктөрдү так жана кыска түшүндүрүүдө катага жол берет, материалды ирээтсиз баяндайт. “2” деген баа окуучуну даярдоодо кийинки материалды ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө олуттуу тоскоол боло турган кемчиликтерин белгилейт. |
| **“1” деген баа** | Окуучу материалды толук билбегендигин жана түшүнбөгөндүгүн көрсөтөт. |

Эскертүү: (“5”, “4”, “3”) деген баа бир эле жолу берилген жоопко гана эмес (окуучунун даярдануусун текшерүүгө белгилүү бир убакыт берилгенде), убакытка бөлүнүп берилген, башкача айтканда окуучу тарабынан берилген жооптордун жыйынтыгы, сабак аралыгында (ар бир сабакка балл чыгарылат), сабак учурунда окуучунун жооптору угулган гана эмес, анын билимин практикада колдонуу жөндөмдүүлүгүн текшерүү жүргүзүлгөн шартта.

**Жат жазуу**

Жат жазуу – бул орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулукту текшерүүнүн негизги формасы. Жат жазууга байланыштуу тексттерди колдонуу жөндүү, заманбап,

адабий тилдин нормаларына жооп берген, ошол класстын окуучуларына мазмуну боюнча ылайыктуу болуш керек.

Жат жазуу текстерине болгон талаптар

Тексттин көлөмү:

5-класс үчүн – 90-100 сөз,

6- класс үчүн – 100-110 сөз,

7- класс үчүн- 110-120,

8- класс үчүн-120-150,

9-класс үчүн- 150-170 сөз.

Сөздөрдү эсептөөдө өз адынча жана көмөкчү сөздөр да эсепке алынат.

Сөздүн көлөмү сүйлөм ичинде төмөндөгүдөй өлчөмдө болууга тийиш:

5- класста– 5 сөздөн ашык эмес,

6-7 класстарда – 7 сөздөн ашык эмес,

8-9 класстарда – 10-дон ашпаган өлчөмдө.

Биринчи чейректин аягына чейин (ал эми 5-класста – биринчи жарым жылдыктын аягына чейин) тексттин көлөмү сакталат.

Текшерүүчү сөздүк жат жазууда орфограммалар менен сөздөрдү өздөштүрүүсүн текшерет. Ал төмөнкү сөздүк көлөмдөн турушу мүмкүн:

5-класс үчүн – 15-20,

6-класс үчүн -20-25,

7-класс үчүн 25-30,

8- класс үчүн- 30-35,

9-класс үчүн 34-40.

Белгилүү бир темадагы жат жазууда өтүлгөн темалардын орфограмма же пунктограммаларынын негизги учурлары кошулушу керек жана да мурдагы жетишкендиктеринин бекемдигин текшерүүнү камсыз кылат.

Текшерүүчү жат жазууда өтүлгөн темада колдонулуп жаткан орфограмма жана пунктограммалар 2-3төн кем эмес жолуккан тексттерди тандоо керек.

Мурда үйрөнгөн орфограмма жана пунктограммалардан негизгиси эле кошулат, аларда 1-3 учурда колдонгондорун сунуштоого болот.

Жалпы алганда текшерилген орфограмма жана пунктограммалардын көлөмү:

5- класста-12 ар түрдүү орфограмма жана 2-3 пунктограмма,

6-класста 16 ар түрдүү орфограмма жана 3-4 пунктограмма;

7-класста: 20 ар түрдүү орфограмма жана 4-5 пунктограмма;

8-класста: 24 ар түрдүү орфограмма жана 10 пунктограмма;

9-класста: 24 ар түрдүү орфограмма жана 15 пунктограммадан ашпашы керек.

Текшерүү жат жазуусунун текстине жетишерлик өлчөмдө бекемделип, кайта дагы үйрөтүлгөн гана орфограммалар кошулушу зарыл.

***Сунушталган нормативдер:***

***Жат жазууну баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы***

| Баа | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| **“5” деген баа** | Катасыз иш же 1 одоно эмес орфографиялык, 1 одоно эмес пунктуациялык же 1 одоно эмес грамматикалык катасы бар болсо |
| **“4” деген баа** | 2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык, же 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык каталар, же 4 пунктуациялык ал эми орфографиялык каталардын жок болгонунда. |

| | |
|---|---|
| | "4" деген баа 3 орфографиялык катада коюлушу мүмкүн, эгер алардын арасында бир типтегилер болсо. Аны менен бирге 2 грамматикалык катага да жол берилет. |
| **"3" деген баа** | 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталар, же 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык каталар, же 7 пунктуациялык ал эми орфографиялык каталардын жок болгонунда.<br>5-класста "3" деген бааны 5 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталарда коюуга уруксат берилет. "3" деген баа 6 орфографиялык жана 6 пунктуациялык катада коюлушу мүмкун, эгер алардын арасында бир типтүү жана одоно эмес каталар бар болсо. Анын менен бирге 4 грамматикалык катага да жол берилет. |
| **"2" деген баа** | 7 орфографиялык жана 7 пунктуациялык каталар, же 6 орфографиялык жана 9 пунктуациялык каталар, же 8 орфографиялык жана 6 пунктуациялык каталар |
| **"1" деген баа** | "2" деген баага караганда каталардын санынын көптүгү |

**Эскертүү:**

Жат жазууну баалоодо оңдолот, бирок катасы эсептелинбейт:

1) сөз ташууда;

2) мектеп программасына кирбеген эрежелер;

3) али үйрөнбөгөн эрежелер;

4) жазуудагы жаңылыштык - туура эмес жазылуулар.

Жат жазууларды баалоодо катанын өзгөчө сапатын эсептөө маанилүү. Каталар арасында одоно эмес, мындайча айтканда сабаттуулукту мүнөздөй турган олуттуу мааниге ээ болбогондорун белгилей кетиш керек. Каталарды эсептөөдө эки одоно эмес ката бир катага эсептелинет. Одоно эмес каталарга төмөнкүлөр кирет:

1) эрежеден тышкары;

2) баш тамганын, энчилүү аттардын жазылышы;

3) бир тыныш белгинин ордуна экинчиси коюлган учурда;

4) айкалышып турган белгилердин бирин калтырып кетүү же ырааттуулугун бузуу.

Катанын бир типтүү жана кайталана берүүчүлүгүн эске алуу керек. Эгерде ката бир эле сөздө же бир уңгу сөздүн уңгусунда кайталана берсе, анда ал бир катага эсептелинет. Бир типтүү деп бир эреже бузулган катаны эсептейбиз, эгер туура жазылуунун тандоо шарты ошол сөздүн грамматикалык жана фонетикалык өзгөчөлүктөрүнөн турса.

1) Бир сөздүн туура жазылышын табыш үчүн башка (бир уңгу) сөздөрдү же анын формасын тандоо керек болгондо бир типтүү ката болуп эсептелинбейт.

2) Биринчи үч бир типтүү каталар бир ката болуп эсептелет, кийинки ар бир ошол сыяктуу ката өз алдынча ката болуп эсептелинет.

3) Эгерде бир сөздө текшерүүгө мүмкүн болбогон орфограммалар менен кошо 2 жана андан ашык катага жол берилсе, анда бардыгы бир ката болуп эсептелинет.

***Сунушталган нормативдер:***

***Контролдук сөздүк жат жазууну баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы***

| | |
|---|---|
| "5" деген баа | Ката жок |
| "4" деген баа | 1-2 ката |
| "3" деген баа | 3-4 ката |
| "2" деген баа | 7 катага чейин |
| "1" деген баа | 7 катадан ашык |

***Текшерүү иши (*** грамматикалык тапшырмасы бар жат жазуу)

Жат жазуу жана кошумча (фонетикалык, лексикалык, орфографиялык, грамматикалык) тапшырмадан турган текшерүү ишинде, ар бир иштин түрүнө эки баа коюлат. Жат жазууну баалоодо жогоруда айтылган нормативдерди колдонуу керек. Грамматикалык тапшырмаларды аткарууда жол берилген орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар, жат жазууга баа коюп атканда эсептелинет.

**Сунушталган нормативдер:**

**Грамматикалык тапшырманы баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы**

| | |
|---|---|
| “5” деген баа | Тапшырма туура аткарылган |
| “4” деген баа | Тапшырманын ¾ кем эмес бөлүгү туура аткарылган |
| “3” деген баа | Тапшырманын жарымынан кем эмеси туура аткарылган |
| “2” деген баа | Тапшырманын жарымдан кем туура аткарылган |
| “1” деген баа | Бардык тапшшырмалар ката аткарылган |

***Дил баяндар жана баяндамалар.*** Дил баяндар жана баяндамалар - окуучулардын кептик компетенттүүлүк түзүлүш деңгээлин текшерүүнүн негизги формалары болуп эсептелинет. Дил баян жана баяндоолордун жардамы менен теманы ачып берүү жөндөмдүүлүгү; тил каражаттарынын стиль, тема жана өз оюн айтуу милдеттери менен дал келиши текшерилет; тил нормаларынын жана туура жазуу эрежелеринин сакталышы.

**Баяндама тексттеринин талаптары.**

Толук баяндоонун текстинин болжолдуу көлөмү:

5- класста -100-150 сөз

6-класста – 150-200,

7-класста – 200-250,

8-класста- 250-350,

9-класста- 350-450 сөз.

Жыйынтыктоо контролдук баяндаманын текстинин көлөмү 8-9 класстарда мындай сабактарда даярдоо иштери жүргүзүлбөгөнүнө байланыштуу 50 сөзгө көбөйүшү мүмкүн.

***Дил баян жана баяндоолорду сунушталган баалоо критерийлери:***

А) мазмуну:

- темага мазмундун, негизги ойдун дал келиши;
- теманы оригиналдуу ачып берүүсү;
- фактыларга негизделген материалдардын аныктыгы;
- баяндоонун ырааттуулугу.

Б) кептик көркөмдүгү:

- сөздүктүн жана грамматикалык сөздүн түзүлүшүнүн ар түрдүүлүгү;
- стильдик бирдиктүүлүк жана кептин ачык – айкындуулугу;
- тил каталарынын жана стилистикалык кемчиликтердин көлөмү.

Бардык эле дил баяндар жана баяндоолор эки баа менен бааланат: биринчиси мазмуну жана кептин кооздугу үчүн коюлат (тил нормаларынын жана стилистикалык каражаттарынын тандоо эрежелеринин сакталышы), экинчиси –орфографиялык, пунктуациялык нормалардын жана грамматикалык каталардын сакталышына. Орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулук окуучу тарабынан кетирилген катанын санына карата бааланат. ( контролдук жат жазууну баалоо нормативдерин карагыла).

***Сунушталган нормативдер:***

***Дил баяндар жана баяндоолордун баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы***

| | Көрсөткүчтөрү | |
|---|---|---|
| | **Кептин коолугу жана мазмуну** | **Грамматика** |
| **"5" деген баа** | 1. Иштин мазмуну толугу менен темага дал келет.<br>2. Чыныгы каталардын жоктугу.<br>3. Мазмуну ирети менен баяндалат.<br>4. Иш сөздүктүн байлыгы, ар түрдүү синтаксистик түзүлүштөрдү колдонулугандыгы, сөздөрдү колдонуунун тактыгы менен айырмаланат.<br>5. Жалпы алганда иште мазмунунда 1 жана 1-2 кептик кемчиликтерге жол берилсе. | Уруксат берилет:<br>1 орфографиялык,<br>же 1 пунктуациялык,<br>же 1 грамматикалык катага. |
| **"4" деген баа** | 1. Иштин мазмуну негизинен темага дал келет (четке чыгуусу аз эле).<br>2. Негизинен мазмуну анык, бирок фактыга негизделген айрым учурай турган тактык эместиктер бар.<br>3. Ой пикирин иреттүү баяндоодо бир аз гана бузулуулар бар.<br>4. Кептин лексикалык жана грамматикалык түзүлүшү жетиштүү, ар түркүн болсо.<br>5. Иштин стилинин бирдиктүүлүгү жана кептин ачык-айкындыгы менен айырмаланат.<br>6.Жалпысынан иштин мазмунунда 2ден ашык эмес жана 3-4төн ашык эмес кептик кемчиликтерге жол берилсе. | Уруксат берилет:<br>2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык каталар, же 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык каталар, же 4 пунктуациялык каталар, орфографиялык каталар жок болсо, жана 2 грамматикалык каталар болсо. |
| **"3" деген баа** | 1. Иште темадан олуттуу четке чыгууларга жол берилсе.<br>2. Иш негизинен ачык-айкын, бирок айрым тактык эместиктер бар болсо.<br>3. Иреттүү баяндоодо айрым бузулууларга жол берилсе.<br>4.Сөздүктүн жакырдыгы жана бир түрдүүлүгү колдонулган синтаксистик түзүлүшү, туура эмес сөздөрдүн колдонулушу кездешсе.<br>5. Иштин стили бирдикүүлүгү менен айырмаланат, кеп жетиштүү деңгээлде ачык-айкын эмес.<br>6. Жалпысынан иштин мазмунунда 4дөн ашык эмес жана 5 кептик кемчиликтерге жол берилсе. | Уруксат берилет:<br>4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталар, же 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык каталар, же 7 пунктуациялык каталар орфографиялык каталар жок болсо, жана 4 грамматикалык каталарга. |
| **"2" деген баа** | 1. Иш темага дал келбейт.<br>2. Көп тактык эместиктерге жол берилсе.<br>3. Иштин бардык бөлүктөрүндө ойдун баяндоо ирети бузулса, өз ара байланыш жок болсо.<br>5. Тексттин стилдик бирдиктүүлүгү бузулган.<br>6."3" деген баага караганда мазмунунда жана кепте кемчиликтер көп болсо. | Уруксат берилет:<br>"3" деген баага караганда орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар көп болсо. |

Эскертүү: Көрсөтүлгөн баалоо нормалары орто көлөмдөгү 4-5 барак көлөмүндөгү дил баяндарга ылайыктуу. Дил баяндарды баалоодо өз алдынчалыгы, ойдун нукуралуулугу, анын көркөмдүк жана стилдик курулушунун деңгээли эсептелинет. Нукуралуу ойдун болушу, анын иш жүзүнө жеткиликтүү ашырылуусу бааны 1 балга көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берет. 3 дөн ашык түзөтүү бар болсо "эң жакшы" деген баа коюлбайт. Текстте 5 катадан ашык түзөтүүлөр болсо (туура эмес жазылган сөздү ондоо) баа 1 баллга төмөндөйт.

# Музыка сабагынан баалоонун критерийлери

**3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары**

Музыка сабагы окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун спецификасына ээ. Музыка сабактарында окуучулардын предметтик компетенттүүлүктөрүнүн калыптангандыгы төмөнкүлөр аркылуу бааланат:

- музыканы угуу жана музыкалык чыгарманы талдоо;
- хордук жана жекече ырдоо;
- окуучулардын ишмердүүлүгүнүн продуктулары – жазуу иштери, чыгармачыл презентациялар, портфолио ж.б.

Баалоо окуучунун окуудагы натыйжалары предметтик стандарттарга туура келерин аныктоо максатын көздөйт. Музыка сабактарында баалоо эки багытта жүргүзүлөт:

- окуучунун прогрессинин жекече динамикасы бааланат, б.а., баштапкы жана аяккы натыйжалар салыштырылып, окуучунун жетишкендиктеринин прогресси бааланат;
- окуучунун жообу/иши баалоонун критерийлери (ченемдери) менен салыштырылат.

**Музыка сабактарында баалоонун типтери**

Музыка сабактарында педагогикалык баалоонун эки тиби колдонулат: критерийлик жана ченемдик (нормативдик).

Критерийлик баалоо – бул критерийлер боюнча баалоо, б.а., баа окуучунун жетишкендиктерин көрсөтүүчү түзүүчүлөрдөн (критерийлерден) келип чыгат. Окуучулардын иштерин баалоого критерийлик мамиле кылуу процесстин бардык катышуучуларына (мугалимдерге, окуучуларга, ата-энелерге) окуп-үйрөнүлүп жаткан материалды өздштүрүүнүн деңгээлин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзүүчү тескери байланышты жүзөгө ашырууга жардам берет. Тескери байланыш канчалык мазмундуу болсо, ага жасалган мамиле ошончолук конструктивдүү болушу мүмкүн. Критерийлик баалоо бул – баалоонун жана өзүн өзү баалоонун ар кыл түрлөрү, формалары жана усулдары колдонулган мамиле.

Критерийлик баалоо мугалим үчүн бир катар принципиалдуу көрсөтмөлөрдү билдирет:

- баа аркылуу окуучунун инсаны эмес, иши гана бааланат;
- окуучунун иши башка окуучулардын иши эмес, эталон (мыкты аткарылган иштин үлгүсү) менен салыштырылат. Эталон окуучуларга мурдатан тааныш болот;
- бааны чыгаруунун так алгоритми иштелип чыккан, окуучу ал боюнча өз жетишкендиктеринин деңгээлин өзү аныктап, өз баасын көрсөтөт;
- окутулуп жаткан нерсени гана баалоого болот, ошондуктан баалоо критерийи – окуу максаттарынын (билим берүүчүлүк натыйжалардын) конкреттүү туюндурулушу.

Критерийлик баалоону колдонуу баалоо процессине окуучулардын өздөрүн тартууга шарт түзөт, башкача айтканда, билим берүү процессинин маанилүү компоненти болгон өзүн өзү баалоону ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет, анткени рефлексия гана окуучуларга өз ишмердүүлүгүнөн тажрыйба чыгарууга, коюлган милдетти чечүү үчүн ички мүмкүнчүлүктөрүн активдештирүүгө, өзүн жакшыраак андап түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзө алат. Өзүнүн жакшы жактарын жана кемчиликтерин талдоо менен, окуучулар аларды чететүү жолдорун табышат, өздөрүн өздөрү баалоого үйрөнүшөт, бул

болсо аларга өз иштеринин күчтүү жана алсыз жактарын көрүүгө жана мындай жыйынтыктарды аңтап түшүнүүнүн негизинде кийинки ишмердүүлүгүнүн программасын түзүүгө шарт түзөт. Туура уюштурулган рефлексия тапшырманы ийгиликтүү аткарууга өбөлгө болуучу оң маанайды түзүүгө жардам берет.

Музыка боюнча баалоонун критерийлеринин мисалдары:

- Ырды бир убакта аткаруу жана аяктоо (дирижердун сунуштарын аткара билүү).
- Обонду (ноталык) жана сөздүк текстти билүү (эгер үйрөнүп жатканда ноталык жазуу колдонулган болсо).
- Аткаруунун интонациялоонун тазалыгы жана ыргактык тактыгы.
- Ырды мүнөздүү аткаруу (музыкалык таасирдүү каражаттарын – динамикалык боёкчолорду, темпти, обонду, ыргакты… туура пайдалануу).
- Ырдоо учурунда туура отуруу (туруу).
- Жооп берүүдө (оозеки, жазуу, презентацияда) музыкалык терминдерди сабаттуу пайдалануу.
- Музыкага кызыгуу, ага эмоциялык жооп кылуу жана музыкалык чыгарма менен таанышуудан келип чыккан эмоциялык абалын мүнөздөй билүү.
- Окуучунун эки же бир нече музыкалык чыгарманы салыштыра жана алынган билимдердин негизинде өз алдынча жалпылоолорду чыгара билүүсү.
- Окуучунун өзүнүн аткаруусун мүнөздөй жана талдай билүүсү.
- Аткаруу учурунда эмоционалдуулукту көрсөтүү.
- Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн продуктуларын баалоо критерийлери ар бир тапшырма жана окуучулардын ишинин түрү боюнча иштелип чыгат.

Ченемдик баалоо – жеке натыйжалар менен статистикалык маанилерди – ченемдерди салыштыруу жолу менен баага жана инсандын же жүрүш-туруштун өзгөчөлүктөрүн чагылдыруучу, тапшырма менен өлчөнүүчү көрсөткүчтөрдү интерпретациялоого болгон мамиле. Окутуунун натыйжалары беш баллдык шкала боюнча бааланат, зарыл учурда жоопко берилген оозеки мүнөздөмө менен толукталат. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун болжолдуу ченемдери 1-тиркемеде берилген.

**Баалоонун түрлөрү**

Музыка сабактарында баалоонун төмөнкү түрлөрү милдеттүү түрдө пайдаланылат: формативдик баалоо (окутуунун бүткүл процесси бою) жана суммативдик (жыйынтык) баалоо (компетенттүүлүктөрдүн калыптануусун аныктоо үчүн окуу материалын окуп-үйрөнүүнүн аягында).

Музыка сабактарында окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун төмөнкүдөй ар кыл формалары колдонулат:

окуучулардын оозеки жооптору;

- жазуу иштери;
- практикалык тапшырмалар.

Окуучулардын ***оозеки жооптору*** дегенибиз –

- сабактарда музыкалык чыгармалар тууралуу диалог-дискуссияларга катышуусу
- башка окуучулардын аткаруусу тууралуу пикирлери.

***Жазуу иштери*** дегенибиз –

– карточкалар боюнча иштөө (музыкалык сөздүктү билүү),
– жеке таасирлери жана музыкалык чыгармаларды эмоциялык-образдык кабылдоо боюнча эссе.

***Практикалык тапшырмалар*** – булар:

– презентацияларды даярдоо;
– «Обонду тапчы» - сабакта жаңырган чыгармалардан түзүлгөн фрагментардуу калейдоскоп;
– жекече, топтук жана хор менен ырдоо.

**Оозеки жооптун баалоо көрсөткүчү**

«5» деген баа окуучунун төмөнкүдөй жетишкендиктери үчүн коюлат:

–эгер окуучу музыкалык чыгармага байланыштуу өзүнүн эмоциялык абалын мүнөздөй алса;

–эгер уккан чыгарма боюнча баа берүүчүлүк ой-пикир айтса, пикир анын музыкалык образына шайкеш келет;

–эгер окуучу жооп берүүдө музыкалык терминдерди пайдаланса;

–эгер окуучу чыгарманы, анын авторун (авторлорун) атаса, анын формасын, жанрын ж.б. аныктаса.

«4» деген баа төмөнкү учурларда коюлат:

–эгер жообунда чыгарманын мазмунуна доо кетирбей турган анча олуттуу эмес каталарга жол берсе;

–эгер окуучу өз жообунда айрым музыкалык терминдерди талапка ылайык түрдө колдонсо;

–эгер жөнөкөй музыкалык үлгүлөр жаралса;

–эгер окуучу чыгарманы, анын авторун (авторлорун) атап берсе.

«3» деген баа төмөнкү учурларда коюлат:

–эгер окуу материалын толугу менен ачып бере албаса (мазмун ырааттуу түрдө эмес, бөлүк-бөлүк болуп берилсе), эгер берилген суроо жана билимдер боюнча жалпы түшүнүгүн көрсөтсө;

–эгер музыкалык терминдерди аныктоодо жана аларды пайдаланууда каталарга жол берсе;

–эгер каталарын мугалимдин жетелеме же жоопко түрткү берүүчү суроолорунан кийин гана оңдосо;

–эгер берилген тема боюнча милдеттүү тапшырмаларды аткарганы менен, практикалык иштерди аткарууда же жаңы кырдаалдарда теорияны пайдалана албаса;

«2» деген баа төмөнкү учурларда коюлат:

–эгер кетирилген каталар окуучу берилген тема боюнча талап кылынган билимдерге, билгичтиктерге ээ болбогонун көрсөтсө;

–эгер окуу материалынын негизги мазмунун ачып бере албаса;

–эгер окуу материалынын негизги же маанилүү бөлүгүн түшүнбөгөнү же билбегени, терминдерди, аныктамаларды түшүндүрүп бере албаганы байкалса.

«1» деген баа төмөнкү учурда коюлат:

–эгер жооп болбосо.

**Баалардын ченемдери (ченемдеры). Хордук (жекече) ырдоо**

«5» деген баа ырды аткаруудагы төмөнкүдөй жетишкендиктери үчүн коюлат:

–эгер окуучу ырдоо учурунда чыгармада берилген образ, мүнөздү түзүүгө аракет кылса – чыгарманын мүнөзүнө ылайык келгидей көркөм, эмоционалдуу аткаруу;

–эгер окуучу чыгарманы өздүк интерпретациясы менен аткарса;

–эгер окуучу хор менен аткарууда классташтарын угуп, биргелешкен аткарууга колдоо көрсөтсө;

–эгер динамикалык боёкчолор, темп, ыргак сакталса;

–эгер окуучу дирижердун кыймыл-жаңсоолоруна көңүл коюу менен мамиле кылса;

–эгер окуучу аткарылып жаткан чыгарманын авторлорун атап, ырдын сөзүн жатка билсе;

–эгер окуучу тексттин мазмунун түшүндүрүп бере алса жана чыгарманыны жаралуу тарыхын билсе.

«4» деген баа төмөнкү учурларда коюлат:

–эгер окуучу чыгарманы аткаруу учурунда олуттуу эмес каталарга жол берсе, мисалы, дикциянын, артикуляциянын жаңылыштыктары, темптен, динамикадан көрсөтүлгөндөн бир аз четтөөлөр, тексттеги олуттуу эмес каталар ж.б.

–эгер окуучу аткарылган чыгарманын авторлорун атап берсе;

–эгер динамикалык боёкчолор, темп, ыргак сакталса;

–эгер окуучу дирижердун кыймыл-жаңсоолоруна көңүл коюу менен мамиле кылса;

–эгер окуучу тексттин мазмунун, чыгарманын жаралуу тарыхын түшүндүрүүдө так эместиктерге жол берсе.

«3» деген баа төмөнкү учурларда коюлат:

–эгер ырды аткарууда олуттуу каталарга жол берилсе – берилген темптен четтөө, музыкалык таасирдүүкаражаттарын, динамикалык боёкчолорду колдоно албоо ж.б.;

–эгер тексттин мазмунун түшүндүрүп бере албаса;

–эгер ырдын сөзүн толук билбесе же олуттуу каталарды кетирсе;

–жүүнү бош кайдыгер ырдаса.

«2» деген баа төмөнкү учурда коюлат:

–эгер кетирилген каталар окуучунун чыгарма боюнча талап кылынган билимдерге ээ болбогонун көрсөтсө.

«1» деген баа төмөнкү учурда коюлат:

–эгер окуучу чыгарманы аткара албаса жана ал жөнүндө эч нерсе айтып бере албаса.

ЭСКЕРТҮҮ: Мугалим окуучулардын физикалык өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруп, айрым балдар анча олуттуу эмес каталарга жол берген учурда баасын төмөндөтпөөгө тийиш. Анча олуттуу эмес каталар үн (добуш) чыгаруунун кемчиликтери катары каралышы керек.